Кыргыз Республикасынын Илим, жогорку билим берүү жана инновациялар министрлиги

**ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ**

**ТАБИЯТ ТААНУУ, ДЕНЕ ТАРБИЯ, ТУРИЗМ ЖАНА АГРАРДЫК ТЕХНОЛОГИЯЛАР ИНСТИТУТУ**

# Экономикалык география, тармактык экономика жана туризм кафедрасынын

# ПАСПОРТУ

**Кафедранын миссиясы:** ***География жана туризм багытындагы илимди, билимди өнүктүрүү менен коомдо, учурдагы эмгек рыногунда атаандаштыкка турушт**ук **бере ала турган компетенттүү адистерди даярдоону иш жүзүнө ашыруу.***

**«ЭГТЭжТ КАФЕДРАСЫНЫН ПАСПОРТУ»**

Паспорт кафедранын отурумунда талкууланып бекитилген.

Протоколу № 5 26-январь 2018-ж.

ТҮЗҮҮЧҮ: Самиев К.Т. г.и.к., доцент

**МАЗМУНУ**

1. Кафедранын ишмердигинин негизги багыттары. . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 4

2. Кафедранын тарыхы. . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 6

3. Кафедранын ишмердүүлүгү . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . .8

4. Кафедранын профессордук-окутуучулук курамы. . . . . . . . . . . . . . . . . . . .10

5. Кафедранын структурасы. . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . .11

6. Кафедранын башка ЖОЖдор менен байланышы. . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 11

7. Кафедранын окуу-усулдук иштери. . . . . . . . . . . . . . . . . . ....... . . . . . . . . . .12

8. Студенттердин илимий–изилдөө иштери. . . . . . . . . . . . . . . . . . . .... . . . . . 12

9. Кафедранын материалдык–техникалык базасы. . . . . . . . . . . . . ..... . . . . . 13

10. Кафедранын маданий - тарбиялык, кесипке багыттоо жана коомдук иштери. . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . ....... . . . . . . . . 13

11. Кафедранын профсоюздук иши. . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . ....... . . . . . . . . . .14

12. Кафедранын дареги. . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . .14

## ЭКОНОМИКАЛЫК ГЕОГРАФИЯ, ТАРМАКТЫК ЭКОНОМИКА ЖАНА ТУРИЗМ КАФЕДРАСЫНЫН ИШМЕРДИГИНИН НЕГИЗГИ БАГЫТТАРЫ

### КАФЕДРАНЫН МИССИЯСЫ:

*География жана туризм багытындагы илимди, билимди өнүктүрүү менен коомдо атаандаштыкка туруштук бере ала турган компетенттүү адистерди даярдоону иш жүзүнө ашыруу.*

**Кафедранын ишмердигинин мазмуну жана милдеттери:**

**БИРИНЧИ СТРАТЕГИЯЛЫК БАГЫТ:** *“Билим берүү ишмердигин модернизациялоо”* – билим берүү процесиндеги илимий-педагогикалык, илимий-усулдук жана илимий-өндүрүштүк изилдөөлөрдүн жыйынтыктарын интеграциялоо:

- ✓ Мамлекеттик жогорку билим берүү стандартынын III муунун практикада жайылтуу (реализациялоо);
- ✓ институттардагы негизги билим берүү программасынын мазмунуна сунуштарды берип туруу;
- ✓ КОБ, бакалавр жана магистратуранын модулдук программаларын жана окуу-методикалык комплекстерин толуктоо, жаңылап туруу;
- ✓ КОБ, бакалавр жана магистратуранын программаларын негизинде баалоо каражаттарынын фондун, тапшырмалар банкын иштеп чыгуу;
- ✓ студенттерди компетентүүлүкө негиздеп окутуунун чегинде жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациялоонун программаларын иштеп чыгуу, жаңылап туруу;
- ✓ билим берүү программаларынын тарбиялык потенциялын жайылтуу.

**ЭКИНЧИ СТРАТЕГИЯЛЫК БАГЫТ: -** *“Инновациялык ишмердүүлүктү жана илимий-изилдөө иштерин модернизациялоо”* кафедранын окутуучуларынын илимий-изилдөө иштерин активдештирүү:

- ✓ кафедранын окутуучуларынын перспективдүү илимий - изилдөө программаларын иштеп чыгуу жана жайылтуу;

- ✓ илимий - изилдөө иштерине гранттарды алуу үчүн долбоорлорду иштеп чыгуу жана жыйынтыктарын публикациялоо;
- ✓ Скопус, Хирша индекси, РИНЦ ж.б. катталган журналдарга окутуу процессинин жана илимий- изилдөө иштердин жыйынтыгын жарыялап туруу.

**ҮЧҮНЧҮ СТРАТЕГИЯЛЫК БАГЫТ: -** *"Социалдык өнөктөштүктү жайылтуу"* билим берүү, илимий жана өндүрүштүк мекемелер менен кызматташтыкты өнүктүрүү:

- ✓ Ички өнөктөштүк, ОшМунун институттарындагы кафедралары менен ишкер карым-катнашты уюштуруу;
- ✓ Сырткы өнөктөштүк, КРнын, коңшу мамлекеттердин билим берүү мекемелери жана туристтик ишмердүүлүк менен алектенген мекемелер менен тыгыз байланышты колго алуу;
- ✓ КРнын ЖОЖдорунун экономикалык география жана туризм кафедралары менен алакада болуу.

**ТӨРТҮНЧҮ СТРАТЕГИЯЛЫК БАГЫТ: -** *"Кафедранын кадрдык патенциялын өнүктүрүү"* кафедранын кызматкерлеринин кесиптик жана инсандык жактан өсүүсү үчүн шарттарды түзүүгө жетишүү:

- ✓ келечектүү жаштардын өнүгүсүү үчүн шарттарды түзүп берүү;
- ✓ жаш окутуучларды комплекстүү илимий-изилдөө иштерине тартуу жана программаларга ылайык жыйынтыктарын жайылтып туруу;
- ✓ жаш окутуучулардын чыгармачылык активдүүлүгүн өнүктүрүүнүн жаңы форматын иштеп чыгуу;
- ✓ кафедранын окутуучуларынын жекече карьераларын пландоо.

# 1. КАФЕДРАНЫН ТАРЫХЫ

ОшМУнун тарыхында экономикалык, социалдык жана саясий география багытындагы окуу-илимий структуранын түзүлүшү 2000-жылга таандык: ал жылы «Жалпы жана физикалык география» кафедрасы экиге бөлүнүп, жаңы багыттагы “Экономикалык география жана геоэкология” (кийин “Экономикалык география жана Кыргызстандын географиясы”) кафедрасы түзүлгөн. Анда кафедраны экономика илимдеринин кандидаты, доцент Низамиев А.Г. жетектеген. Ошондой эле кафедранын курамында Ахмедов Р.Ш., Бердигулов А.Т., Оморов К.О. сыяктуу тажрыйбалуу окутуучулар иш алып барышкан. Кафедранын түзүлүшү менен географиялык багыттагы билим берүү, илим изилдөө жана эл аралык байланыштар жаатындагы иш-аракеттер активдүү жүргүзүлүп, 2002-жылы өзүнчө география факультетинин ачылышына жана иштешине (2002-2009-жылдары) өбөлгө түзгөн. Окутуучулардын (Низамиев А.Г., Бердигулов А.Т.) окуу куралдары (“Дүйнөнүн саясий картасы”, “Менеджмент”) жарык көргөн.

2002-2009-жылдары кафедрага ага окутуучу Бердигулов А.Т. башчылык кылган. Ал мезгилде кафедранын илимий-педагогикалык потенциалы күчөп, илимдин доктору Низамиев А.Г., илимдин кандидаттары Аккулов А.У., Алайчиев Э.К., Обдунов Э.А. эмгектенишкен жана жаш окутуучулар менен толукталган. Окуу-усулдук эмгектерди чыгаруу жакшы жолго коюлуп, Низамиев А.Г., Ахмедов Р.Ш., Алайчиев Э.К. өңдүү адистердин окуу куралдары (“Маркетинг туризма: основы теории и практики”, “Кыргызстандын географиясы” ж.б.) жарык көргөн. Кафедранын эл аралык деңгээлиндеги байланыштары калыптанып, өнүгүү жолуна түшкөн: Темпус программасынын “Tourism Training and Education reform” аталышындагы эл аралык жолбоордун негизинде Низамиев А.Г., Алайчиев Э.К. Брюссель эркин университетинде (Бельгия), Анадолу университетинде (Түркия) иш тажрыйбаларын өркүндөтүшкөн; Бердигулов А.Т. Москва мамлекеттик педагогикалык университетинде билимин арттырган.

2009-2011-жылдары кафедраны география илимдеринин кандидаты, доцент Аккулов А.У. жетектеген. Мезгилдин талабына ылайык 2011-жылы кафедранын аты өзгөртүлүп “Экономикалык, социалдык жана саясий география” кафедрасы болуп кайра түзүлгөн. Ал мезгилде окуу-усулдук иштери бир топ ийгиликтерге жетишип, кафедра мүчөлөрүнүн бир катар окуу куралдары жана окуу-усулдук колдонмолору жарык көргөн.

2011-2017-жылдары аталган кафедраны география илимдеринин кандидаты, доцент Алайчиев Э.К. жетектеди. Бул мезгилде кафедранын жамааты илимий-усулдук иштерди жандандыруу менен бирге эл аралык долбоорлор менен иштөөнү негизги багыт катары иштеп келишти. Низамиев А.Г., Самиев К.Т., Момошева Г.А. Эрасмус Мундус программасынын «gSmart – Spatial ICT infrastructures for Smart Places» аттуу долбоорунун алкагында иш алып барышты.

2017-жылдын 28-декабрында кафедра башчылыгына география илимдеринин кандидаты, доцент Самиев К.Т. шайланды.

Учурда кафедра экономикалык, социалдык жана саясий география багытындагы билим берүү жана илимий изилдөө иштерин алып баруучу түштүктөгү ири борбор болуп саналат. Анын профессордук-окутуучулук курамын 1 илимдин доктору, профессор (Низамиев А.Г.), 5 илимдин кандидаты, доценттер (Самиев К.Т., Алайчиев Э.К., Момошева Г.А., Ибраев С.А., Умаралиев Р.А.), 2 улук окутуучу (Калилов К.Д., Султанов Ж.М.) жана 2 окутуучу (Кенешбаева Д.С., Базарбаева Г..) түзөт.

Кафедра 550100 – “география” багытында боюнча бакалавриат жана магистратура (физикалык география, Кыргызстандын географиясы жана ТТК кафедрасы менен кошо), 600200 – “туризм” багытында бакалавриат, магистратура жана PhD докторантура боюнча билим берүү жана илимий ишмердүүлүгүн жүргүзөт. Ошондой эле анда 25.00.24 – “экономикалык, социалдык жана саясий география” адистиги боюнча аспирантура, ушул эле адистик боюнча география илимдеринин доктору илимий даражасын ыйгаруу боюнча Диссертациялык кеңеш (төрагасы Низамиев А.Г.) ишин алып барат.

## 2. КАФЕДРАНЫН ИШМЕРДҮҮЛҮГҮ

**Окуу-усулдук иштери.** Кафедранын жамаатынын алдыга койгон негизги максаттарынын бири болуп студенттерге жогорку сапаттагы билим берүү менен заман талабына ылайык адистерди даярдоо эсептелет. Мына ушуга байланыштуу окуу процессине окутуунун жаңы технологияларын жана дүйнөлүк стандарттарды киргизүү боюнча үзгүлтүксүз иш алып барылат. Окуу процессинин баары интерактивдик усулдарды колдонууга багытталган.

Окутуучулар тарабынан салттуу сабакбардан тышкары окутуунун активдүү формалары өткөрүлөт: тегерек столдор, саясий дебаттар, диспуттар, иштиктүү оюндар, аудио- и видеоматериалдар пайдаланылат. Ачык дарстарга катышууу алкагында жаш адистер улуу кызматкерлерден тажрыйба алышат, окутуунун жол-жоболорун жана ык-шыктарын, интерактивдик жана инновациялык усулдарын үйрөнүшөт.

Окутуу эл аралык программалар жана стандарттарга ылайык кыргыз жана орус тилдеринде жүргүзүлөт. Билим алуу мезгилинде студенттер англис тилин үйрөнүшөт жана өнөктөш-ЖОЖдордо билимин улантууга, практика өтүүгө, университетти аяктаганда алардын магистратурасына, аспирантурасына жана докторантурасына тапшырууга мүмкүнчүлүк алышат.

Ошондой эле кафедрада сабактардын электронных курстарын даярдоого, окуу жана окуу-усулдук адабияттарды басып чыгарууга өзгөчө көңүл бурулат. Кафедра мүчөлөрү тарабынан 6 окуу куралдары (алардын ичинен А.Г.Низамиевдин 3, Э.К.Алайчиевдин 1 окуу куралы КРнын Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан сунушталган), 30дан ашуун окуу-усулдук колдонмолору жарыкка чыккан.

Окутуу процессинде студенттердин теориялык алган билимдерин практикада бышыктоодо талаа практикасынын ролу өтө чоң. Студенттер практикалык билимдерин иш жүзүндө колдонуп, материалдарды топтоп, курстук жана дипломдук иштерди жазууда пайдаланышат. I, II жана III курстарда талаа практикалары Ош жана Жалал-Абад областтарынын Карагой (Ноокат району), Жылуу-Суу (Алай району), Салам-Алик (Өзгөн району),

Сары-Челек (Аксы району), Арстанбап (Базар-Коргон району) үңдүү кооз жерлеринде өткөрүлөт. IV курстун студенттери биргелешкен практиканы Ош-Жалал-Абад-Токтогул-Суусамыр-Чаек-Балыкчы-Чолпон-Ата-Бишкек-Талас-Ош маршруту боюнча Кыргызстандын 6 областынын территориясын кыдырышат.

**Илимий изилдөө иштери.** Кафедра мүчөлөрү төмөнкү эки багытта илимий изилдөө иштерин жүргүзүшөт:

-Кыргызстандын түштүк аймагынын өндүргүч күчтөрүн жайгаштыруу жана өнүктүрүү маселелери.

-Кыргызстандын туризм тармагын жана туристтик инфраструктурасын өнүктүрүүнүн экономикалык-географиялык маселелери.

Кафедранын ар бир мүчөсү бекитилген илимий темасы боюнча иш алып барат жана ар кандай деңгээлде өткөрүлгөн илимий иш-чараларда доклад менен чыгып туруу салтка айланган. Илимий макалаларды жарыкка чыгарууда РИНЦ жана Scopus системалары эске алынат. Экономикалык жана социалдык географиянын ири маселелеринин үстүндө алгылыктуу иштерди жүргүзүүнүн натыйжасында кафедранын мүчөлөрү тарабынан 8 монография (А.Г.Низамиевдин 4, Э.К.Алайчиевдин 1, А.К. Султаеванын 1, С. Артыкбаеванын 1, Г.А. Момошеванын 1) жарыкка чыккан.

**Коомдук-тарбиялык иштери.** Коомдук жана тарбия иштери – кафедранын күндөлүк турмушунун өзгөчө бөлүгү. Ал үчүн ар кандай багыттагы иш-чаралар мүнөздүү: конкурстар, КВН, дискуссиялар, мелдештер, белгилүү адамдар менен жолугушуулар, кайрымдуулук акциялары ж.б. Белгилүү даталарга арналган жана салтка айланган маданий-массалык иштерге төмөнкүлөр кирет: Кыргыз Республикасынын көз карандысыздыгы, Билим, Мугалимдер, Студенттер, Илим, Жаңы жыл, Ата мекенди коргоочулар, 8 март, «Нооруз», Кыргыз Республикасынын Конституциясы күндөрүнө арналган майрамдарды жана салтанаттуу жийындарды өткөрүү; «бүтүрүүчүлөр балы»; ырлардын жана бийлердин конкурстарын өткөрүү; шаардын маданий

мекемелерин кыдыруу; спорттук иш-чараларды уюштуруу, ар кандай деңгээлдерде өткөрүлүүчү мелдештерге катышуу.

**Эл аралык байланыштары.** Кафедранын эл аралык алакасы 1995-1996-окуу жылында Джорждаун университетинин (АКШ) профессору Дж.Кларк география бөлүмүндө иш алып барышы менен башталган. Бүгүнкү күндө дүйнөнүн алдыңкы ЖОЖдору жана илимий борборлору менен болгон кызматташууну кеңейтүү багытында максаттуу иштер болууда. Бул болсо окуу-илимий процессине жаңы технологияларды жана эл аралык тажрыйбаларды жигердүү киргизүүгө жол ачат.


Чет элдик окуу жайлардын тиешелүү түзүмдөрү менен тыгыз байланыштар бар: Аль-фараби атындагы Казак улуттук университети (Казакстан), Зальцбург университети (Австрия), Помор академиясы (Польша), Порто университети (Португалия) Улугбек атындагы Өзбекстан улуттук университети (Өзбекстан), Ходженд мамлекеттик университети (Тажикстан) ж.б. Эл аралык кызматташуу алкагында өнөктөш ЖОЖдор менен студенттер жана магистрлерди өз ара алмаштырууга өзгөчө көңүл бурулат.

## 3. КАФЕДРАНЫН ПРОФЕССОРДУК-ОКУТУУЧУЛУК КУРАМЫ


| № | Ф.А.А. | туул. жылы | бүтүр. окуу жайы | ээлеген кызматы | эмгек стажы | | илимий дараж. |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | жалпы | Ош МУ дагы | |
| 1. | Самиев К.Т. | 1973 | ОшМУ | Каф.баш. | 20 | 20 | г.и.к. |
| 2. | Низамиев А.Г. | 1967 | ОшМУ | проф. | 25 | 16 | г.и.д. |
| 3. | Алайчиев Э.К. | 1975 | ОшМУ | доцент | 20 | 20 | г.и.к. |
| 4. | Момошева Г.А. | 1985 | ОшМУ | доцент | 7 | 7 | г.и.к. |
| 5. | Ибраев С.А. | | ОшМУ | окутуучу | | | г.и.к. |
| 6. | Умаралиев Р.А. | | ОшМУ | окутуучу | | | г-м.и.к. |
| 7. | Калилов К.Д. | 1961 | КУУ | улук ок. | 40 | 22 | |
| 8. | Султанов Ж.М. | 1982 | ОшМУ | улук ок. | 12 | 11 | |
| 9. | Кеңешбаева Д.С | 1971 | ОшМУ | окутуучу | 29 | 19 | |
| 10. | Базарбаева Г.Б. | 1993 | ОшМУ | окутуучу | 3 | 3 | |

**Кафедранын профессордук–окутуучулук курамынын сапаттык көрсөткүчү 63,63 % ды түзөт.**

## 4. КАФЕДРАСЫНЫН СТРУКТУРАСЫ




## 5. КАФЕДРАНЫН БАШКА ЖОЖДОР МЕНЕН БАЙЛАНЫШЫ



## 6. КАФЕДРАНЫН ОКУУ-УСУЛДУК ИШТЕРИ

Кафедранын мүчөлөрүнүн илимий изилдөө жана усулдук иштеринин жыйынтыктары, кафедранын мүчөлөрүнүн ачык сабактары жана сабактарга өз ара катышууларын уюштурулатурган ***кафедранын илимий-усулдук семинарында*** талкуулоо максаты коюлууда.

***Студенттердин өзалдынча иштерин*** уюштуруу жана кабыл алуу кафедрада 2002–жылдан бери практикаланып келе жаткан модулдук-рейтингдик системага ылайык ар түрдүү формада жүргүзүлөт.

Программалоо багытындагы предметтер боюнча өз алдынча иштер, модулдар-курстук долбоор, тест, коллоквиум ж.б. формаларда кабыл алуу ийгиликтүү колдонулуп келе жатат.

Кафедрада дисциплиналар боюнча модулдар - текшерүү иш, тест, коллоквиум, реферат жана жекече тапшырмалар түрүндө кабыл алынып, ар бир жарым жылдыктын аягында жыйынтыкталып, тиешелүү материалдарды кафедрада сактоо маселеси пландаштырылды.

Дисциплиналар боюнча өз алдынча иштердин, аралык текшерүүлөрдүн жана модулдардын аткарылышын тиешелүү окутуучулар тарабынан системалуу көзөмөлдөө, консультациялар, кошумча сабактар өтүү жана кезметчилик убагында системалуу түрдө жекече жана топтук консультациялар берүү менен жүргүзүү пландалууда.

Методдорду жайылтуу максатында ***ачык сабактар*** өтүлүп, сабактарга өз-ара катышуулар жүргүзүү жана кафедранын илимий-усулдук семинарында ***баяндамалар жасалып жатат.***

## 7. СТУДЕНТТЕРДИН ИЛИМИЙ-ИЗИЛДӨӨ ИШТЕРИ

***Студенттердин илимий–изилдөө иштери*** баяндама, илимий ийрим, рефераттарды жаздыруу жана олимпиадага даярдоо, илимий конференцияларга катышуу, макала жазуу, дипломдук жана квалификациялык иштерди коргоо формасында жүргүзүлөт.

Доцент Э.Алайчиевдин жетекчилигинде “Демограф”, доценттин м.а. Г. Момошеванын жетекчилигинде “Жөнөкөй жана даамдуу”, окутуучу Д.Кенешбаеванын жетекчилигинде “Этно-Өнөр”, профессор А.Г.Низамиев жана доцент К.Самиевдердин жетекчилигинде “Спелеолог” ийримдери өз иштерин алып барууда.

## 8. КАФЕДРАНЫН МАТЕРИАЛДЫК–ТЕХНИКАЛЫК БАЗАСЫ

Кафедрага караштуу 4 аудитория: 100, 112, 211, 218 бар жана ушул аудиторияларынын жасалгаларын көзөмөлгө алат. Кафедранын окутуучулары Интернет тармагынан акысыз пайдаланышат. Кафедранын дисциплиналары боюнча сабактар Компьютердик борбордун атайын жабдылган класстарында өткөрүлөт (110а, б.).

Кафедрада CD, DVDдисктерге жазылган электрондук окуу китептери жана колдонмолор, окутуучу программалар жана адистик темадагы кино тасмалардын топтомдору бар жана аларды окутуучулар жана студенттер кеңири колдонушууда.

ОшМУда кафедралар, факультеттер жана башка структуралык бөлүмдөр менен байланыш (документтердин файлдарын, кабарларды, ж.б. маалыматтарды жөнөтүү жана кабыл алуу) ички Интранет тармагы аркылуу жүргүзүлүүдө.

## 9. КАФЕДРАНЫН МАДАНИЙ - ТАРБИЯЛЫК, КЕСИПКЕ БАГЫТТОО ЖАНА КООМДУК ИШТЕРИ

Кафедрадагы маданий-тарбиялык жана коомдук иштер пландалган жана учурдагы иш-чаралардын негизинде кафедранын ар бир мүчөсү жана атайын дайындалган жооптуу окутуучу тарабынан жүргүзүлөт.

Кафедранын окутуучулары факультеттин, университеттин жана шаардын деңгээлиндеги түрдүү маданий-тарбиялык жана коомдук иш-чараларды уюштурууга жана өткөрүүгө активдүү катышышат.

Кафедранын окутуучулары Ош, Жалал-Абат жана Баткен областтарында кесипке багыттоо иштерин жүргүзүшөт. Замандын талабына ылайык Фейсбук, Инстаграмм, Тик-ток баракчаларында аткарылган жумуштар чагылдырылып турат.

## 10. КАФЕДРАНЫН ПРОФСОЮЗДУК ИШИ

Кафедранын профсоюз уюмунда 11 мүчө бар.

Профсоюз уюмунун жылына иш планы бекитилип турат. Иш планда эмгек тартибин сактоо, эмгек шартын түзүү, окутуучулардын эс алуусун уюштуруу, майрамдарды талапка ылайык өткөрүү, материалдык жардамга муктаж болгондорго жардам көрсөтүү, окутуучулардын сабактарына катышуу иштери каралган.

Профсоюз мүчөлөрү шарттарына жараша пансионат жана профилакторийлерде ден-соолугун чыңдашат жана материалдык жардам алып турушат.

## 11. КАФЕДРАНЫН ДАРЕГИ:

Ош ш., Н.Исанов к., 77. Ош МУнун Табият таануу, дене тарбия, туризм жана агрардык технологиялар институтунун имараты. Экономикалык география, тармактык экономика жана туризм кафедрасы. 216, 216а кабинеттери

E-mail: ekon.geo_kaf@mail.ru